## №96 орто билим берүү мектебинин китепканасынын иш планын аткарылышы

Сентябрь. 2019-2020-окуу жылы

2-сентябрь «Билим күнү» өткөрүлдү

Мектеп китепканасында «Китеп көргөзмөсү» болду

Китеп таратуу жана китептерди кабыл алуу дептери түзүлүп , окуучуларга окуу китептери таратылды .

2019-2020-окуу жылында окуучулардын китеп менен камсыз болуу диагностикасы түзүлдү.

2019-2020-окуу жылына талапка ылайыктуу китептерге буйрутма жөнөтүлдү

Окурмандарга китепканага кирүү графиги түзүлүп,бекитилип илинди.

Окурмандар үчүн окуу залында баардык шарттар түзүлдү.

23-сентябрь Кыргыз тилинин майрамына карата китепкана атайын бурч уюштурулду

Китепкана активтери мене ниш жүргүзүлүүдө.

Ата-энелер чогулуштарына катышып жалпы китептер жана китепкана боюнча маалыматтар берилди

Сентябрь айында окурмандардын келгени 313

Октябрь. 2019-2020-окуу жылы.

1-октябрь Карылар күнүнө карата «Карысы бардын ырысы бар» деген темада бурч уюштурулду.Окурмандар менен кызыктуу аңгемелер жүргүзүлдү.

2019-2020-окуу жылына талапка ылайыктуу китептерге буюртма берилди.

4-октябрь «Мугалим-мөмөлү дарак»-деген темада,окуучулар арасында суроо-жооптор аркылуу аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп,мугалимдер жөнүнөгү ырларды жана көркөм окуу иштери жасалды

Мектептин тарбия иштери боюнча директорунун орун басары Ажыканова Ж.К менен бирдикте ,окуу китептеринин сакталышы боюнча рейди жүргүзүлдү.Окуу китептерин начар сактаган окуучуларга эскертүүлөр  берилди.

Бардык 1-класстын окуучуларына китепкананын окуу залын жана китепканадагы китептертер менен тааныштыруу максатында экскурсия өткөрүлдү .

Окуучуларга китепкананын эрежелери жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

«Ч.Базарбаев – СССРдин Эл артисти ,Кыргыз ССРинин Эл артисти 70 жашта» (бурч уюштурулуп,буклеттер жасалды)

«Мамлекеттик ишмер Т.Усубалиевке 100 жыл»

9-10-11-кл окуучулары менен тегерек стол өткөрүлдү.

«Бүткүл дүйнөлүк китепканалар күнү» белгиленип №75 орто мектеибинде семинар уюштурулду

СССРдин Эл артисти С.Чокморов 80-жашта»

(бурч уюштурурулуп ,буклеттер жасалды)

Ноябрь. 2019-2020-окуу жылы

Китепканада 2 чейреке карата уюштуруу иштери жүргүзүлдү

Т.Усубалиев «Мен өз элим үчүн эмгектендим» (окуучуларга маалымат берилди)

С.Чокморов «Эсил адамдардын адамгерчилик сабагы» (мугалимдер газетасына чыккан тема боюнча мугалимдер арасында аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү)

«Ар кандай жугушту оорулардан сактаналы»

Ден сооолук бурчуна маалыматтарды кошумчаладык жана окуучуларга маалымат бердик.

«Илим жана техника» көргөзмөсүнөнө 5 в-кл. окуучуларын К.Баялинов атындагы жаштар жана балдар китепканасына барып келдим.(Окуучулар көргөзмөгө активдүү катышышты)

Бирге окуйбуз «Билимиңди сынап көр» 2-и классынын окуучулары жана ата-энелери менен бирдикте өткөрүлдү.

Ощондой эле мектептеги 4-класстар арасында да бирге окуйбуз «Жомоктор дүйнөсүнө саякат» деген темада актовый залда иш-чара өткөрүлдү.Активдүү катышкан окуучуларга мактоо баракчалары тапшырылды.

Декабрь. 2019-2020-окуу жылы

Китепканада окурмандар менен китептердин мазмуну,мааниси жөнүндө дайыма сүйлөшүүлөр,пикир алмашуу иштери жүргүзүлүп турат.

Окуучуларга таратылган китептердин эсеби такталып пайызы чыгарылды.Ошондой эле окуучуларга жетишбеген китептердин санын аныктоо иштерин жүргүздүк.

Майыптар күнүнө карата ,окурмандарга жолдо жүрүү эрежесин сактоо жана өрт ,ошондой эле капысынан болуп

калуучу кырсыктарды болтурбоонун алдын алуу жөнүндө аңгемелешүү иштери аткарылды.

«Ар кандай жугушту оорулардан сактаналы» ден соолук бурчуна маалыматтарды кошумчалоо жана окурмандарга жеткиликтүү малымдоо

«Манас» эпосунун күнүнө карата бурч уюштурулду жана китептер коюлду.

Мектепте жаңы жылдык майрамга арналган ырларды,жомоктордун каармандарына ылайыктап табышмак,деклорация айтуу үчүн китептертерден таап берип мугалимдерге жардам көрсөттүк.

Окуу залына келген окурмандарды тейлөө иштери дайыма болуп турат.

Январь,февраль. 2019-2020-окуу жылы

Китепканадагы окуу китептерин «Жаңы китеп» боюнча электрондук базага киргизүү иштери жүргүзүлдү.

Китепканадагы китеп фондусунун саны боюнча жарым жылдык отчетун бердик .

Жаңы келген китептердин эсебин тактоо жана инвентаризациялоо иштери дайыма жүргүзүлүп турат.

Газета-журналдарды ирээтке келтирүү.

Март. 2019-2020-окуу жылы

«КОВИТ-19 вирусунан сактан!» Интернет булактары аркылуу маалыматтарды жеткирүү.

# №96 орто билим берүү мектебинин китепканасынын иш планын аткарылышы

2020-2021-окуу жылы

Аралыктан окутуу учурунда окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусун арттыруу.

Азыркы учурда онлайн окуу болгонуна байланыштуу китепканадагы китептерден «Бинайм» программасы менен ар түрдүү жомокторду окуп,даярдап окуучуларга жөнөтүп жатабыз.Мисалы: «Куу түлкү», «Бугу менен карышкыр», «Түлкү менен арстан», «Аары ийне сайып кетти», «Кыргыз Баатыр», «Гүл жана булбул» ж.б

Ошондой эле «Врайтер» программасынын негизинде ар кандай электрондук китепчелерди түзүп жатабыз. Мисалы: Жаратылыш жөнүндө «Жаныбарлар дүйнөсү кызыктуу», «Гүлдөр», «Кыш мезгили» ж.б

«ЮСАИД» дин «Окуу керемет!» долбоорунун китептеринин көргөзмөсү уюштурулду

Мугалимдерге жана окуучуларга китептер жөнүндө интернет булактары аркылуу маалыматтар жеткирилди.

Январь.2020-2021-окуу жылы

Быйылкы оку жылынын январь айынан баштап китепканабызга келген окурмандардын китеп окууга болгон кызыгуусун арттыруу максатында өзүбүздүн колдонуп жаткан улуттук буюмдарыбызды окуу залынын ичине жайгаштырып,улуттук көз караштa иштерибизди улантсак деп жатабыз.Ошол эле учурда заманбап шартында да эмеректерибиз жайгаштырылды.

Китепкананын окуу залынын азыркы учурдагы шартын баардык окурмандарыбыз жактырышууда.

«Кусейин Карасаев 120-жашта»-деген темада бурч уюштурулду .Окуучуларга маалыматтар берилди.

12-январь 2021-жылы биздин мектепте Бишкек шаарындагы кыргыз мектептеринин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары жана илимий методикалык иштер боюнча директорлордун орун басарлары үчүн семинар болуп өттү.

Темасы: «Аралыктан окутуу учурундагы мектеп администрациясынын жана мугалимдеринин ишмердилүүгү»

Китепкананын жүргүзгөн иштери боюнча «Аралыктан окутуу учурунда окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусун өстүрүү» деген темада аткарылып жаткан иштерибиз жөнүндө слайд жасап баяндап бердик.

Бардык семинардын катышуучулары жактырышып,ыраазычылыктарын билдиришти.

9-февраль 2021-жылы 1-классынын окуучулары менен бирдикте «ЮСАИД»дин «Окуу керемет!» долбоорунун жаңы китептери менен таанышуу иштери жүргүзүлүп,окуучуларга жомоктордон окуп бердик.Ошондой эле окуучулар өздөрү кызыккан китептерди алып окушту.

«Ооган согушунун кетбес тагы»-деген темада бурч уюштурулду.

Китептердин жалпы фонду – 19921

Окуу китептердин жалпы саны – 17198

Окуучуларга таратылган окуу китептеринин саны – 9931

Башталгыч класс – 4628

Таратылганы – 2280

Орус класстар үчүн – 1447

Таратылганы - 142

Көркөм адабий китептердин жалпы саны – 1747

Мугалимдер үчүн методикалык китептердин жалпы саны – 976

Газета-журналдар – 1

Китептер менен камсыздоо

Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болуусу 46 % ды түздү